# С. Жусупбаев атындагы орто мектебинин ата-энелер чогулушунун токтому№ 1

С. Жусупбаев атындагы орто мектеби 22-сентябрь 2021-жыл

Катышты: 60

Каралуучу маселелер:

1. 2021-2022-окуу жылы боюнча окуучулар тууралуу маалымат берүү;
2. Окуу китептери боюнча маалымат берүү;
3. Жалпы мектептик ата-энелер комитетин шайлоо;
4. Мектепте 1-4-класстарга берилүүчү ысык тамак боюнча маалымат берүү;

Чогулуштун жүрүшү:

Күн тартибиндеги биринчи маселе боюнча уюштуруучу Рысбекова Гүлбарчын маалымат берди:

- Урматтуу ата-энелер биздин мектепте жалпы 98 окуучу билим алат, класс жетекчилер азыр ар бир класс боюнча маалымат беришет

1-класстын жетекчиси Мырзабекова Наргизанын сөзү;

-Жалпы 1-класста 11/3 окуучу окуйт, окуу куралдары толук, формалары бар, сабагына даяр. Обходго чыгып, ата-энелери менен пикир алыштым.

2-класстын класс жетекчиси Касманбетова Фатиманын сөзү;
-Жалпы 2-класста 9/7 окуучу окуйт. Бардыгы сабагына даяр. Обходго чыгып, ата-энелери менен пикир алыштым.

3-класстын класс жетекчиси Токтобекова Розанын сөзү;
Окуучуларым сабакка даяр,баары мектепке келишти, окуу куралдарынан бир аз кемчиликтер бар, ата-энелери менен кабарлаштым. Жакын арада толуктап беришет. Окуучулардынт саны 5/2

4-класстын жетекчиси сагындыкова Айтбүнүн сөзү;
. Баардыгы 6/3 окуучу. Окуучуларым сабакка даяр, баары келишти.

5-класстын жетекчиси Сапаңова Аксананын сөзү;
5-класста бардыгы 8/3 окуучу окуйт. Бардыгы толук мектепке келишти. Быйылкы окуу жылында окуу китептери менен толук камсыз боло элекпиз, орус тили, математика китептерин алыша элек. Ата-энелер менен чогулуш өттүм. Китептерге төлөнө турган аренда боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүздүм.

6-класстын класс жетекчиси Турсунова Жылдыздын сөзү;
Менин классымда бардыгы 11/5 окуучу окуйт. Кечигип келген окуучу болгон жок. Ата-энелер менен жолуктум.

7-класстын жетекчиси Таалиева Гүлбарчын сөзү;
Жалпы 7-класста 13/5 окуучу окуйт. Окуу куралдары толук. Кечиккен 3 окуучубуз бар Абдылдабеков С, Кылычбеков А, Табылдиева А . Тоодо болгондуктан байланыша алган жокмун

8-класстын класс жетекчиси токтокуев Жалилдин сөзү;
8-класста жалпы 7 окуучу окуйт, мен быйыл жаңы класс жетекчи болдум, буйруса окуучуларым менен жакындан таанышам, ата –энелер менен чогулуш уюштурдум.

9-класстын класс жетекчиси базаркулова Саадаттын сөзү;
Менин классымда жалпы 8/3 окуучу билим алат. Быйыл классым мамлекеттик экзамен тапшырышат, бардыгы толук мектепке келишти, окуу куралдары толук.

10-класстын класс жетекчиси Эсенбекова Диананын сөзү;
Жалпы 10-класстын окуучулары 6/3 окуучу. 1 окуучум Кылычбеков Нурдан окуудан чыкты.

11-класстын класс жетекчиси Койчуманова Алтынчачтын сөзү;
11-класстын окуучулары бардыгы 6/1. 15- сентябрда 5 окуучу келди, ата-энелери менен сүйлөштүм. Келе элек окуучулар формаларын, окуу куралдарын толуктап мектепке келишет.

Мектеп директору Кудайбергенова Мээримдин сөзү;

Урматтуу ата-энелер, окуучуларды сабактан калтырбай жибериңиздер. Шаардагы окуучуларды эртерээк алып келиңиздер. Кечиккен балдарды ИДНге кайрылып тактайбыз. Окуучулардын катышын класс жетекчилер контролдогула. Тарбия завуч Доктурбек уулу Улан окуучлардын катышына, формасына , сабагына катышуусуна көзөмөл кылыңыз. Ата-энелер сиздер дагы окуучулардын китептерин ирээттеп, катышына көзөмөл кылыңыздар.

Күн тартибиндеги экинчи маселе боюнча окуу китептери тууралуу окуу бөлүмүнүн башчысы Рысбекова Гүлбарчындын сөзү;
-Урматтуу ата-энелер, 2021-2022-окуу жылында 5-6-класстын окуу китептери арендага өтөт. Калган класстын китептери берилди. Ата-энелер сиздер өзүңүздөр класстын китептеринин арендасын чогултуп, банк аркылуу квитанция алып, милдетин алып бересиздер. Аренда боюнча менде жазылган маалыматтар менен таанышсаңыздар болот. Ар бир китеп 25 сомдон эсептелинет.

Күн тартибиндеги үчүнчү маселе боюнча тарбия завуч Доктурбек уулу Уландын сөзү;
-Урматтуу ата-энелер, быйылкы окуу жылынын ата-энелер комитетинин составын шайлап алсак. Ата-энелер комитетинин составына үлгүлүү, жаш, мектеп менен көбүрөөк байланышта болгон ата-энелерди шайлап берсеңиздер.

Ата-энелердин атынан Борбиева Какен эженин сөзү;
-Менин оюмча Турумбекова Акгүл ата-энелер комитетинин төрайымы болуп иштесе болот. Себеби, Акгүл мектеп менен көбүрөөк байланышта болот. Балдарынын сабагына көп катышат. Курамына Кудайбергенова Гүлнурду, Рысбаева Баиза жана Жээнбаева Инфераны көрсөтөт элем. Ата-энелер менен мектептин байланышын күчөтүү максатында.
Ата-энелердин атынан Тайлакова Динара эженин сөзү;
-Биз ата-энелер жогорудагы аты аталган ата-энелердин составына макулбуз, биз дагы туура деп ойлойбуз. Бардыгы жаш ата-энелер экен. Азыркы убакта мектеп менен тыгыз байланышта болбосок, балдарыбыздын келечегине кайдигер караган болуп калабыз. Ата-энелер биз дагы жоопкерчилик менен балдарыбыздын сабактарына катышып, тартибин көзөмөлгө алышыбыз керек.

Ардагер мугалим Сатыбалдиева Тилебүнүн сөзү;
-Мен дагы жаш ата-энелердин шайланышына кошулам,себеби азыркы убакта окуучуга көңүл бөлүп, биргелешип карабасак болбойт. Биз мугалимдер мектептен көзөмөл кылсак, үйдөн ата-эне жоопкерчилик менен караса, кылмыштуулукка, рэкетчиликке жол берилбейт деп ойлойм.

Күн тартибиндеги төртүнчү маселе боюнча башталгыч класстардын ата-энелер комитети Кыдыргычова Алтынайдын сөзү;

-Урматтуу ата-энелер, башталгыч калсстын окуучулары үчүн ысык тамактын берилиши абдан жакшы болду. Балдардын витаминдүү тамак ичкени мамлекетибиздин келечек муунга кайдигер карабагандыгын билдирет. Ай сайын ысык тамак үчүн ар бир окуучунун ата энеси 100 сомдон берет. Бирок, кээ бир ата-энелер азыркыга чейин былтыркы акыркы айларга берише элек. Сентябрь айында бардыгын бериңиздер, себеби Нарындан эт алышыбыз керек. Акча маалында чогулбаса, ысык тамак үзгүлтүккө учурайт. Биз буга жол бербешибиз керек.

## Жогорудагыларды угуп жана талкуулап ата-энелер чогулушу чечим кылат

1. 2021-2022-окуу жылынын маалыматы канааттандырарлык деп белгиленсин;
2. 5-6-класстарынын окуу китептеринин арендасынын милдети ата-энелерге жүктөлсүн;
3. Жогоруда көрсөтүлгөндөр ата-энелер комитети болуп шайлансын, шайланган ата-энелер комитети 3 жылга өзгөртүлбөсүн;
4. Башталгыч класстарынын ысык тамагынын акчасы айдын башында кечиктирилбестен чогултулсун. Көзөмөлгө алуу жагы Турумбекова Акгүлгө милдеттендирилсин;
5. Сабак учурундагы окуучулардын тартибин жана тарбиялык иштердин жүргүзүлүшүн көзөмөлдөө жагы тарбиялык иштерди уюштуруучу Доктурбек уулу Уланга милдеттендирилсин.

Мектеп директору: Кудайбергенова М

Уюштуруучу: Доктурбек у. У